Алар үчүн Мекен деген сөз ыйык

Тайлак нукура чек арачы болгон

Мекен чегин көзөмөлдөгөн аскердик чек ара кызматына 50 жаш өмүрүнүн туура 25 жылын арнаган, азыркы убакта отставкадагы ага прапорщик Орунбек Дайынович Чондоев Нарын чек ара бөлүгүнө Тайлак баатырдын ысмын коюуда өтөлгөлүү эмгек жумшаган. Ушундан улам үстүбүздөгү Тоолор жылында тоолорду мекендеген тоо арстаны Тайлактын мааракесин утурлоодо алгылыктуу иштерин арнап келаткан Чондоевге бир нече суроо менен кайрылдым.

—Орунбек Дайынович, алгач сөздү Нарын чек ара бөлүгүнө эр Тайлактын ысымын берүүдөгү иштериңизге токтоло кетсеңиз?

—Нарын чек ара отрядына Тайлак баатырдын наамын берүү идеясы чек арада кызмат өтөп жүргөн учурумда, Кароол-Дөбөдө түнкү күзөттү текшерүүдө, ошол кездеги командирим подполковник Чолпонбек Буржуев менен болгон маекте түптөлгөн. Көп өтпөй Тайлак баатыр тууралуу материалдарды топтоп окуй баштадым. Илимий негиздерди чогулттум. Академик, профессорлор менен кеңештим. Эр Тайлактын элине сиңген эмгегин билгендер мен ойлогондон көп экен. Адабиятыбыз да карт тарыхыбыздагы Тайлактын эрдиги жөнүндөгү маалыматтарга бай болуп чыкты.

Тарых Тайлак баатырдын нукура чек арачы экенин эбак эле тастыктап коюптур. Андыктан биздин чек ара отрядынын 200 жылдык тарыхы бар десем жаңылышпасмын. Адабий мурастарга кайрылсам, акыркы убактарда Тайлак баатыр тууралуу чыгармалар, санжыралар, жыйнактар көбөйүүдө. Бул абдан жакшы. Канчадан бери катылган сырлар элге чыгып, толукталууда. Анын эрдиги уламыш болуп айтылып элинин жүрөгүн аралап келечек муунга сабак болуп өсүүдө.Анын кайраты, күч эрки жаштарды патриоттуулукка тарбиялоодо, Ата Мекенин сүйүүдө чоң роль ойнойт деп билем.

Байыркы тарых баракгарына кайрылсак: Орто Азия элдеринин тарыхын чагылдырган профессор, Кытай таануучу В.С.Кузнецовдун 9 томдук "История цинской империи на рубеже центральной Азии" деген китебинин 8-томдугунда байыркы кытайлыктар Тайлак баатырдын эрдиги менен жакындан тааныштыгы айтылып, "Тайлак баатыр был непремиримым врагом цинской империи на рубеже центральной Азии" деп жазылып калтырылганына күбө болдум.

Өзүбүздүн баа бербей келген улуттук баатырыбызды мурда эле башкалар жазып калтырганына таң бердим. Анан дагы Нарын элинин казалчысы Арстанбек Буйлаш уулунун "Чекке какты казыкты" деп сүрөттөп айтканын эске алып, баатырдын ысымы бир отрядга эмес, керек болсо чек ара башкармасына коюлса болмок,- деп ойлоп да жүрдүм. Тарых баракгарында Тайлак чет жердиктер менен чабыша бербей , кадимкидей алака түзүп, куралдуу жан киргизбей атайын тилмечтер, элчилер аркылуу иш жүргүзүүгө жетишкен.Катылгандын катыгын берип байыртан жердеген кыргыз жерин тукумга сактатканы эле канча баалуу, өтөлгөлүү иш. Аны эч кимибиз эсибизден чыгарбообуз керек.

—Жакында Нарын чек ара отряды Туусуна жана Гербине ээ болуптур...

—Ооба, иштин башын баштап ысымын алган соң аягына чыгалы деген үмүт менен республикага таанымал сүрөтчүлөр арасында көргөзмө өткөзүп, акыркы Бишкек шаарынын Туусун, Гербин жараткан, Манас таануучу, сүрөт боюнча жаштар союзунун лауреаты Асаналиев Майрамкул Мусабай уулунун чагылдырганын канааттандырарлык деп таап, жактырып тандап алдык.

Туу үч түстө - көк, жашыл, көк. Жашыл майсаң жараткылыш - чек арачылардын түсү жана көк - аалам, асман, кең дүйнө. Эмблемада - асман ээси алгыр бүркүт, жердин эң алдуусу - арстан, жер алдынын ээси - ажыдаар биригип чагылдырылган. Ал эми алтын түстөгү кымыздуу чөйчөктүн жана канжардын түшүндүрмөсү : "Түркөй чектен-асмандан, жерден жана жер алдынан душман өткөрбөйбүз,кылыч менен келгенди кылыч, кымыз менен келгенди кымыз менен тособуз"- деген чек арачылардын антын билгизет.

— Өтүп жаткан иш чаралар жана келечек пландарыңызга кайрылсаңыз?

—Иш чараларга келсек, Нарын чек ара отрядында "Санам" аскердик -патриоттук клубу иштейт. Ал жерге Ата Мекендик согуштун ардагерлери, Афган согушунун катышуучулары келишип чек ара отрядынын аскерлерине баштарынан өткөн патриоттук духтагы окуялардан айтып беришип, тарбиялык иштерди жүргүзүшөт. Отряд Нарын шаарынын жаштар коому менен тыгыз байланышта. Бул жерде өзүмдүн да бир ой-пикириме кайрылгым келип турат. Жакында жогоруда айтып өткөн Нарын чек ара отрядына тийиштүү заставадагы 1000 километр аралыкты атайын түзүлгөн топту баштап жөө кыдырып өтүүнү пландап жатам. Ал топтогу жоокерлерге чек аранын кайбыл жерлерин тегиз таныштырып, кызык окуялар жөнүндө айтып берип жүрүм отурам.

Мындан сырткары "Путь героической славы Тайлак баатыра" деген туристтик багыт ачууну көздөп жатам. Бул маршрут менен чек ара отрядынын аскерлеринин жаңы толуктоого келгендерин таанштырып, Куртка чебин, күмбөздөрүн, Арап өлгөн, Эдиге жаткан жерлерди, Кытай кырылдыдан Кароол Дөбөгө чейин көрсөтсөкпү деген ойлор бар. Бул иш аракеттер буюрса Эр Тайлактын 200 жылдыгына дейре түптөлүп бүтмөкчү.

Иштелүүчү иштеримизди алдын ала пландоодо Теңир-Тообуздун айтаарлык адамдарын да унутканыбыз жок. Аскердик милдетин өтөөдө Нарын облусу боюнча Афганистандан 14, Баткенден 6 жигитибиз курман болгон. Министрлигибизге кайрылып, алар үчүн эстелик курууга бир БМП алганбыз. Көрүнүктүү жерге орнотуп, алдына түбөлүк от жандырабыз. Нарын шаар башчылыгына "Соң-Көл" кинотеатрынын жанынан орун берүү тууралуу кат жөнөткөнбүз. Спонсорлор бар. Мэрия да жардам берүүдө.

—Жакшы иштерди уюштуруп,тамамдап жаткан экенсиздер. Мындан соң да Теңир-Тоого талбай кызмат өтөй бериңиз. Маегиңизге рахмат, бар болуңуз.

Шахназар ЖАНБОЛОТ уулу